**Басып чыгарууга чейинки даярдоо боюнча кызматтарды көрсөтүү жөнүндө**
**Ачык келишим**

Бишкек ш. «_»_____________ 202_ж.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул документ кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимди (мындан ары – Келишим) түзүү боюнча аткаруучунун ушул Офертада баяндалган шарттарда ачык сунушу (Оферта) болуп саналат.

1.2. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 402 – беренесине ылайык Офертада баяндалган шарттар жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө кабыл алынган учурда бул Офертанын акцептин жүзөгө ашырган жеке же юридикалык жак макаланы басып чыгарууга чейинки даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн кардары (Офертанын акцепти офертада баяндалган шарттарда келишим түзүүгө барабар) болуп калат (мындан ары-кардар).

1.3. Келишимдин учурдагы версиясы ушул даректе жеткиликтүү: https://bsu-bulletin.com/ky/publication-terms.

**2. Келишимдин предмети**

2.1. Келишимдин предмети – бул Иштетүүчүнүн Заказчикке илимий жана/же башка тексттерди түзөтүү, басмага чейинки даярдоо, электрондук беттештирүү, журналдын вебсайтына жайгаштыруу жана архивдөө боюнча кызматтарды көрсөтүүсү.

2.2. Иштетүүчү кызматтарды көрсөтүүнү макаланын журналда жарыялануу мүмкүнчүлүгү жөнүндө бардык оң рецензияларды алгандан кийин гана ишке ашырат.

2.3. Заказчы өзүнүн акцепти аркылуу Келишимдин шарттарына, купуялуулук шарттарына макул экенин тастыктап, аларды сөзсүз сактоого милдеттенет.

**3. Кызмат көрсөтүү шарттары**

3.1. Редакция (Иштетүүчү) автордон (Заказчыдан) илимий жана/же башка тексттин кол жазмасы менен кошо жөнөтүлгөн кайрылуу катын алган учурда, басма маалымат каражатында жарыялоо үчүн арналган тексттерди түзөтүүгө акысыз негизде кабыл алат. 3.2. Илимий жана/же башка тексттерин түзөтүү максатында редакцияга кайрылган автор (Заказчы) төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- өзүнүн кол жазмасын редакциянын расмий электрондук почтасына жөнөтүү аркылуу редакцияга тапшыруу;
- редакциянын талабы боюнча редакциянын буйрутманы аткаруусу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон маалыматтарды берүү жана бардык керектүү аракеттерди жасоо.

3.3. Редакция кызматтарды Заказчы Келишимдин шарттарын акцепттеген учурдан тартып 4 (төрт) айдын ичинде көрсөтүүгө милдеттенет. Өзгөчө учурларда, келишимдин шарттарын аткаруу мөөнөтү автор (Заказчы) менен өзүнчө макулдашылышы мүмкүн.

3.4. Автордун илимий жана/же башка тексти жарыялануууга тийиш болгон чыгарылыштын макетин-түп нускасын башкы редактор бекиткен учурда кызматтар көрсөтүлдү, ал эми келишимдин шарттары аткарылды деп эсептелет.

**4. Кызматтардын баасы жана төлөө шарттары. Акцепт Келишими**

4.1. Иштетүүчү өз кызматтарын акысыз негизде көрсөтөт.

4.2. Заказчы Офертанын акцептин жана Келишимди түзүүнү илимий жана/же башка тексттерди биринчи жолу жөнөтүү жолу менен ишке ашырат.

**5. Келишимдин колдонуу мөөнөтү** 5.1. Оферта Интернет тармагына төмөнкү дарек боюнча жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет: https://bsu-bulletin.com/ky/publication-terms жана аткаруучу сунушту караганга чейин күчүндө болот.

5.2. Келишим автор тарабынан Офертанын акцепти кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет жана тараптар ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин колдонулат.

5.3. Тараптардын макулдугу боюнча келишим мөөнөтүнөн мурда бузулушу мүмкүн.

5.4. Оферта кайтарылгыс болуп саналбайт, басма бөлүмү келишимдин шарттарына макул болбогон жактарга кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга укуктуу.

**6. Жеке маалымат**

6.1. Ушул Келишимди түзүү жолу менен тараптар бири-бирине "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык алардын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу укугун жана макулдугун мөөнөтсүз беришет. Тараптардын жеке маалыматтарын берүүчү маалыматтарды пайдалануу жана жайылтуу тараптардын ишин жана/же таламдарын коргоону камсыз кылуу жана ушул Келишимди аткаруу үчүн зарыл болгон чектерде гана жүзөгө ашырылат.

**7. Тараптардын жоопкерчилиги жана талаш-тартыштарды чечүү тартиби**

7.1. Келишимдин шарттары аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

7.2. Келишимдин шарттарын аткаруу боюнча келип чыгышы мүмкүн болгон бардык талаштартыштар жана пикир келишпестиктер, тараптардын сүйлөшүү жолу менен чечилет.

7.3. Эгерде тиешелүү талаш-тартышты сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбосо, ал сот аркылуу чечилет.